159

Инв. № ~~1004~~
Инс. ЯЛИ АН СССР гор. Фрунзе

~~инв. 187~~
159

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 159
~~487~~ стр. 50
1979 г.
Киф. ФАН СССР гор. Фрунзе

Акмат Рысменде[е]в

„Семетей“

Чынкожо Толтойдун окуясы

1947-ж.

 V

Чыңгожо Таштой, алтурумут
Айчүрөккө той берген жери.

Манастын уулу Семетей
Кастаңкан жоосун жеңгенде.
Кан Акун деген кайнына,
Кадимки чурок зайыбы,
чоң сарайга киргенде
чоролорду эрчитип
салтанатту чоң сарай
салдырган экен бейбагың, ~~1500 стр.~~
абайлап көргөн кишинин,
айтарга сөзү бир далай, 1576 сап.
бейбагындын сарайы
бекемдиги ушундай.
Босогосу сом калай
үстүн үйдай салдаткан
борумун айтам бир далай 28.
сокулап согон туйтогон
салдырганы сарайга
Дүнүйө малы жуткоган
айланасы кең корган
жат кишиден болбогон
Сыртынан салган дубалды
Күл бото мисек чыңдаган
ошол дубал кырында
ак болоттон тордогон
Айчүрөктөн башка жан
ал сарайда болбогон.

439

Карагайдан как тырган,
Карабеттин сарайын,
Кабылан көрүп жак тарткан,
Таштан токуп too кылган,
Жиз жүз үртүк орнотуп,
Тегерегин кoo кылган.
Тийлгин кыры кез зоо кылган.
Тышынан көрсөң бир сарай,
Ичине кирсе миң сарай.
Буйрук менен кирбесе,
Жат душмандар кире албай.
Түп түшүнда кароолчу,
Душмандын башын алгындай.
Түнбай басып баргандын,
Эшиктен кардын жаргандай.
Ошол сарай ичинде,
Айбан кана алтын үйбар.
Мейман кана беш үйбар,
Төрөлөр жатчу төрт үйбар.
Ошол үйдүн баршына,
Сыр тынан алтын жай тарткан,
Асыл таштан чегеесин,
Борум менен как тарткан.
Чырпыктан тиккен чынарды,
Чынардан тиккен мунарды.
Булбулу сайрап таңшыган,
Булагы кайнап ташыган.
Бул сарайдан ичинде,
Жүн дуу болсо жашаган,

Бир бирине окшобойт,
Миң түрдүү гүл жайнаган.
Бакасы көлдө чардаган,
Күкүгү тоодо сайраган.
Атагы жок аты көп,
Андан башка көп жатат,
Адамга керек майдадан,
Жыйган экен Айчүрөк,
Бу дүйнөлүк байдадан.
Каалгасы сом калай,
Жаңгыраган чоң сарай.
Карап турсаң сарайдын,
Аршаймана бирдалай.
Күмүшү менен кырдаган,
Алтын менен сырдаган,
Эки киши сүлгүчүсө,
Өзүнөн өзү ырдаган.
Босогосу асыл таш,
Борум менен ойдурган.
Ар бир жерге сүрөттү,
Асыл менен койдурган.
Каалганын сыртына,
Айчыгы алтын сүрөттү,
Табактай калай ойдурган.
Кара чаар жолборсту,
Бир жагында кабылан,
Жоо жүрөгү өлсүн деп,
Кан жалатып байлатып.
Ажыдаарын арбатып.
Босогого байлатып.

Эми ошол сарай ичине,
Кан Акундун тоюдей,
Карабет Чурок ойнудей,
Эр Семетей куйоодей,
Арстан шердин буроодей,
Акунжан берген тулоодей,
Кабар айтты калкына,
Кайкалап жаткан көп оогон,
Калайык журттун жастана,
Улуу кичуу калбадей,
Ушунча журттун барысына,
Угулду журтка кабары,
Уккан жандын барысы,
Барагыдей калдаганай,
Салтанатын Чуроктун,
Коргон адам таң калат,
Кан Акун журттун каршысы,
Балайга жеткен арышы,
Ал кезекте Акунжан,
Акылга дайкан макужан,
Айчурокко той берип,
Ат жеткен жерди чакырган,
Ак сакалы чуштоодой,
Устуканы мистедей,
Ак сакалын жайкаган,
Аселги оозун чайкаган,
Нардай болгон алтын так,
Дуулап турган ошолчак, 29
Тадашмагак тагынат.